DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2023

ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ
ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ
HISTORICAL SCIENCES

*Кадырова Ч.А., Исираилова А.Т., Алымбек уулу М.*

# ДЕМОКРАТИЯЛУУ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТҮЗҮЛҮШҮНДӨГҮ САЯСИЙ ПАРТИЯЛАРДЫН РОЛУ

*Кадырова Ч.А., Исираилова А.Т., Алымбек уулу М.*

# РОЛЬ ПОЛИТИЧЕСКИХ ПАРТИЙ В СТАНОВЛЕНИИ ДЕМОКРАТИЧЕСКОЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

*Ch. Kadyrova, A. Isirailova, Alymbek uulu M.*

# POLITICAL PARTIES IN THE FORMATION OF THE DEMOCRATIC KYRGYZ REPUBLIC

*УДК: 329:324.12.23 (575.2) (04)*

*XX кылымдын акыры, тагыраак айтканда 80-чи жылдардын аягында дүйнөлүк державалардын бири катары мүнөздөлгөн Совет мамлекетинин ички жана тышкы саясатынын туруксуздугунун кесепетинин негизинде батыштык демократиялык нуктагы күчтөрдүн таасиринен он беш союздук республикалардын ыдырашына алып келген, алгачкы эгемендүүлүгүнө умтулган Латвия менен Эстония 1990-жылдары көз карандысыз мамлекет болууга жетишишкен, ошол эле жылы Кыргыз ССРнин Жогорку Совети тарабынан көз карандысыз жөнүндө декларация кабыл алынып бир жылдан соң Кыргыз Республикасы катары дүйнөлүк аренага эгемендүү мамлекет болду. Кыргыз демократиялык республика катары пайда болууда коомдук бирикмелер, кыймылдар жана саясий партиялардын таасири күч болгон, анткени жарандык коом, каныбызга сиңип калган эркиндиктин, баатырлыктын эң негизги демократиялык нуктагы жашоону жан дили менен эңсеп, умтулушкан. Кыргыз Республикасы Орто Азиядагы демократиянын аралчасы катарында мүнөздөлгөндүгүбүздүн бир мисалы бул жарандык коомдун саясий процестерге жигердүү аралашуусунун негизинде ар кандай кыймылдардын жана партиялардын пайда болушу. Кыргыз Республикасынын партиялык саясий системасынын өнүгүү процессин бир канча этапка бөлүп карооого аракет кылдык, себеби кийинки келечек муунга бүгүнкү муундун тарыхый көз карашы.*

***Негизги сөздөр:*** *конституция, идеология, партия, кыймыл, демократия, парламентаризм, сессия, совет, коммунизм, митинг.*

*В конце XX века, точнее в конце 80-х годов, в результате нестабильности внутренней и внешней политики Советского государства, которое характеризовалось как одна из мировых держав, влияние западных демократических сил привели к распаду пятнадцати союзных республик, Латвии и Эстонии, которые стремились к своей первой независимости, сумели стать независимыми государствами в 1990-х годах, в том же году Верховный Совет Кыргызской ССР принял декларацию о независимости, и год спустя она стала независимым государством на мировой арене как Кыргызская Республика. В становлении Кыргызской Республики как демократической республики было сильное влияние общественных объединений, движений и политических партий, потому что жаждало и стремилось гражданское общество, важнейшая демократическая точка свободы и героизма, которая укоренилась в нашей крови. Одним из примеров того, что Кыргызскую Республику характеризуют как островок демократии в Центральной Азии, является появление различных движений и партий, основанных на активном вовлечении гражданского общества в политические процессы. Мы попытались разделить процесс развития партийно-политической системы Кыргызской Республики на несколько этапов, ведь исторический взгляд сегодняшнего поколения направлен на будущее поколение.*

***Ключевые слова:*** *конституция, идеология, партия, движение, демократия, парламентаризм, сессия, совет, коммунизм, митинг.*

*At the end of the twentieth century, more precisely at the end of the eighties, as a result of the instability of the domestic and foreign policy of the Soviet state, which was characterized as one of the world powers, the influence of Western democratic forces led to the disintegration of fifteen union republics, Latvia and Estonia, which aspired to their first independence, managed to become independent states in the 1990s, in the same year the Supreme Soviet of the Kyrgyz SSR adopted a declaration of independence, and a year later it became an independent state on the world stage as the Kyrgyz Republic. In the formation of the Kyrgyz Republic as a democratic republic, the influence of public associations, movements and political parties was strong, because civil society, the most important democratic point of freedom and heroism, which was rooted in our blood, thirsted and aspired. One example of the fact that the Kyrgyz Republic is characterized as an island of democracy in Central Asia is the emergence of various movements and parties based on the active involvement of civil society in political processes. We tried to divide the process of development of the party-political system of the Kyrgyz Republic into several stages, because the historical view of today's generation is directed to the future generation.*

***Key words:*** *constitution, ideology, party, movement, democracy, parliamentarism, session, council, communism, rally.*

Дүйнөлүк практиканын негизинде алып карай турган болсок ар бир өлкөдөн чыккан кандай партия болбосун негизги максаты бийликке жетүү экени даана белгилүү жана ал партия белгилүү бир социалдык топтун демилгесинин аркасында пайда болот. Бул бул топтун кызыкчылыктарын ишке ашыруунун каражаты болуп калат дегенди билдирет. Партиянын максаттары бийлик үчүн күрөш менен же өз өкмөтүн түзүү менен, же курамына өкүлдөрүн жылдыруу менен коалициялык өкмөт түзүү менен байланышкан. Бийликти

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



жеңип алган партия саясий бийликке жетишүү үчүн күрөшүү укугун берген. Коомдук күчтөрүнүн таламдарын канааттандыруу үчүн мамлекеттин толук бийлигин пайдаланууга умтулат. Саясий партиялар мамлекеттик бийлик системасындагы статусуна жараша программасын иштеп чыгышат, өлкөнүн коомдук-саясий өнүгүү жолун аныкташат.

Демократиялуу республиканын түзүлүшүндөгү жана өнүгүшүндөгү саясий режим катары саясий партиялардын жана демократиянын өз ара байланышынын маселелери каралат. Азыркы мамлекеттердин негизги саясий институттарынын бири катары партияларга мүнөздүү демократиялык жана авторитардык тенденциялар талданат. Азыркы саясат таанууда саясий партияларды изилдөө проблемалары саясий теорияны да, прикладдык саясий анализди да изилдөөнүн актуалдуу багыты болуп саналат. Практикалык саясаттагы партиялар байыркы мезгилде пайда болгон, «партия» негизинен реформатор инсандардын айланасына бириккен саясий активдүү жарандардын тобу болгон. Биринчи партиялардын идеялык-институционалдык негизи дээрлик жок болгон, топко биригүү саясий лидер менен жеке тилектештик принцибинде болгон. Идеологиялык, шайлоо жана институционалдык уюмдар катары партиялар жөнүндөгү заманбап идеялардын калыптанышы саясий түзүлүштүн эволюциясы (мында партиялар саясий системанын курамдык элементи болгон эмес), саясий таасирдин күчөшү жана мыйзам чыгаруу органдарынын мааниси, шайлоо укугун кеңейтүү, демократиялык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү. Демократиянын өнүгүшү менен байланышкан саясий реалдуулукту эске алуу менен партиялык теория саясат дүйнөсүн таанып-билүүнүн барган сайын динамикалуу өнүгүп жаткан тармагы болуп калды, бирок, партиялык изилдөөлөрдүн көйгөйлөрүнө жогорку кызыгуу болгондугуна карабастан, актуалдуу көп тармактар начар деген түшүнүктө. М. Дювергер «Саясий партиялар» деген фундаменталдык эмгегинде анын ишин даярдоого түрткү болгон негизги себеп, автордун пикири боюнча, кийинки өнүгүү үчүн маанилүү болгон партиялар теориясынын жоктугу экенин белгилейт. К. Жанда саясат таануучулардын пикирлерин синтездеп, азыркы илимде партиялардын «жалпы теориясы» дагы эле начар өнүккөн деген пикир үстөмдүк кылып жатканын белгилейт. Саясий партияларга болгон кызыгуунун жогорку илимий деңгээли бул саясий институттардын теориялык жана практикалык мааниси менен байланыштуу.

Партияларды жана партиялык системаларды изилдөөнүн прикладдык мааниси бул мамлекеттердин саясий өнүгүү деңгээли жөнүндө тыянак чыгаруу жөндөмдүүлүгүнөн көрүнөт анткени партиялык система бийликтин концентрациясы эмне экенин, бийликти бөлүштүрүү системасы кандай экенин ачык көрсөтүп турат жана анда борбордук мыйзам чыгаруучу орган кандай орунду ээлейт, саясий элитанын бытырандылык деңгээлин, шайлоо процессинин мүнөзүн жана жарандардын саясий башкарууга канчалык деңгээлде катышып жатканын көрсөтөт. Изилдөөнүн теориялык мааниси партиялардын табиятын, алардын иштөө принциптерин жана саясий процесстин башка субъекттери менен өз ара аракеттенүүсүнүн мүнөзүн түшүнүүгө, саясий системалардын түрлөрүн санына жана актуалдуу ролуна жараша классификациялоого умтулуу менен шартталган. Саясат таанууда жана тарых илиминде «партия» түшүнүгүнүн көптөгөн аныктамалары бар, алар биринчиден, ар кандай өнүгүп келе жаткан коомдук илимдерге мүнөздүү болсо, экинчиден, концепциянын өзүнүн чоң логикалык көлөмү менен байланышкан.

Бул чөйрөдөгү изилдөөлөр саясий партиялардын жашоосунун ар кандай аспектилерине тиешелүү, алар америкалык изилдөөчү Дж. Ла Паломбара тарабынан абдан жакшы формулировкаланган, ал партияларга мүнөздүү төрт көз карандысыз система түзүүчү өзгөчөлүктөрдү бөлүп көрсөткөн:

1) партия – идеологиянын, дүйнөгө жана адамдын өзгөчө көз карашынын алып жүрүүчүсү;

2) партия-саясаттын ар кандай деңгээлиндеги адамдарды бириктирген уюм;

3) партиянын максаты бийликти басып алуу (эки жол менен) жана ишке ашыруу;

4) партия добуш берүү учурунда да, активдүү мүчөлүктө да элдин колдоосун алууга аракет кылууда [1].

Партиялык саясий система бул-эгемендүү, демократиялык өлкөнүн жана ошол улуттун баалуулуктарына жараша өнүгөт. Эгемендүү Кыргыз Республикасынын партиялык саясий системасынын өнүгүү тарыхын төмөнкү 5 этапка бөлүп караса болот

1) 1990-1995-жылдардагы демократиялык мүнөздөгү жана коомдук-саясий кыймылдардын түзүлүшү алгачкы саясий партиялардын калыптанышына негиз болгон мезгил.

2) 1996-2000-жылдардагы пропорционалдык мажоритардык шайлоо тутумундагы көп партиялуу системага алгачкы кадамдарды баштаган, миссалга алып карасак 1998-жылдардагы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын үчүнчү ирэт өзгөртүү-толуктоолордун негизинде 2000-2005-жылдардагы Жогорку Кеңештин II чакырылышынын депутаттарынын жалпы саны 105 ал эми мыйзам чыгаруу палатасынан 60 депутат анын ичинен партиялык тизме менен алгачкы 15 депутат шайланып келген.

3) 2001-жылдан 2005-жылдын биринчи жарымына чейинки мезгил – өсүп келе жаткан авторитаризм шартында көп партиялуу системаны өнүктүрүү жана 2003-жылдагы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын төртүнчү ирээт өзгөртүү-толуктоолордун

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



негизинде 2005-2010-жылдардагы Жогорку Кеңештин III чакырылышы бир палаталуу жана толук кандуу партиялык система менен шайланып келүү жөнүндө эле, анда көпчүлүк добушка же болбосо көпчүлүк мандатка ээ болгон партия (фракция) өкмөттү түзүү укугуна ээ болгон. Бирок опозициялык багыттагы партиялар наразычылык жүрүштөрдү өткөрүп, жыйынтыгында 24-март окуясы болуп өттү.

4) 2005-жылдын экинчи жарымы жана 2010-жылдын апрель айына чейинки мезгилди партиялык саясий системасынын калптанган мезгили катарында алып карасак болот. Бул мезгилде башкаруу формасынын оң жана терс жактарын байкап кийинчирээк Парламентаризм башкаруу формасын тандашкан.

5) 2010-жылдын ортосунан бүгүнкү мезгилге чейин партиялардын чыныгы идеологиялык багытта алсыз партиялык саясий системасын түзүшкөндүктөрүн бүгүнкү коомдун өкүлдөрү айтып чыгышууда.

Алгачкы кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүнө Кыргыз демократиялык кыймылы чоң роль ойногон десек туура болот, ал Кыргызстандагы расмий коммунисттик партиясынын саясатына каршы чыккан бир катар саясий партиялар, бейөкмөт уюмдар жана айрым демократиялык маанайдагы кыймылдар мүчө болгон. 1990-жылы негизделип ошол эле жылы 11-ноябрда расмий каттоодон өткөн Кыргызстан Демократиялык кыймылына 24 коомдук уюм биригишип ал эми 1991-жылдын башында Кыргызстандын баардык аймактарынан жана чет элдик кыргыз студенттеринин биригүүлөрү да кошулуп жалпы 34 өз алдынча уюмдар бириктирилген. Алардын катарында «Асаба», «Ашар», «Атуулдук демилге», «Кыргызстан жаш тарыхчылар жамааты», «Боорукер», «Ак кеме» «Славян фонду», «Кыргызстан социал-демократтары», «Мемориал» клубтары кирген. Бул кыймылда жалпы 300 миңден ашуун жаштар түзгөн. Бул кыймылдын республикалык партиялык жетекчилик менен мамилесинин өз ара түшүнбөстүгү аны «улутчул кыймыл» деп айыптоого негиз берген. Бирок, Ош окуяларынын мезгилинде, 1990-жылы 6-7 июнунда Бишкектеги өкмөт үйүн курчап алган жаштардын митинги менен жалпы тил табышууда Кыргызстан демократиялык кыймылынын мүчөлөрү көрүнүктүү иш алып барышкан. Кыргыз жаштары биригип Кыргызстан демократиялык кыймылынын социалдык базасын түзүп, ар кандай жардам пункттарын түзүшкөн. Кыргыз айылдарында Кыргызстан демократиялык кыймылынын кадыр баркы өскөн [2].

Мамлекеттик жана коомдук ишмер, сынчы, котормочу жана адабиятчы - Осмонакун Ибраимовдун өз эскерүүсүндө: «1990-жылы 22-октябрда, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин сессиясы ачылган күн, эсте калаарлык болуп өттү. Күн таптакыр адаттан башкача өттү, көчөлөрдө митингдер болуп, ал тургай ачкачылык жарыяланып, адамдардын колунда «Биз президенттик башкарууну жактайбыз!», «Басма сөз эркиндиги!», «Ош окуясы үчүн Ким! жооптуу? «жана башкалар.» жана чогулган элди карап «Коом демократияны жана жаркын келечекти үмүт кылып, өзгөрүүлөргө суусап тургандыктан ушул оор жүктү кайсы инсан республиканын башчысы миссиясын өз мойнуна алат» деп эскерген [3].

1990-жылы октябрдагы Жогорку Кеңештин сессиясында Республиканын Президентин шайлоодо Кыргызстан демократиялык кыймылынын мүчөлөрү Өкмөт үйүнүн алдында ачкачылык уюштуруп, шайлоонун жүрүшүнө таасир тийгизишкен. Жаңы шайланып келген президенттин программасын Кыргыз демократиялык кыймылы бир тараптуу колдошуп, КПССке карандай каршы турушуп, учурдагы бийликтин оппозициялык кыймылы экендигин жарыялашкан. Ошол кездеги бийликтин кетирген кемчиликтеринин бири болуп «КДКнын кабарлары» атту кезитинин чыгышы менен басмаканалардан бийлик тарабынан алынып алган. Кыргызстан эгемендүүлүкө чейин эле демократиянын көрүнүштөрүн саясий кыймылдар (партия) орнотушкан десек туура болчудай. Кыргызстанда коммунисттик партократиянын (системанын) мамлекеттик жогорку бийликтен четтетилиши жана бийликке президент баш болгон демократиялык күчтөрдүн келиши менен өлкөдөгү социализм менен капитализм жана коммунисттик идеология менен демократиянын ортосундагы төрт добуштун оорду чоң жана демократиялуу Кыргыз Республикасы жаркын келечекке кадам таштаган десек жаңылышпасак керек, себеби коммунисттик идеологияны карманган Абсамат Масалиевдин президент болушуна 4 добуш жетпей калганы. Ал эми жогоруда айтылган саясий-демократиялык мүнөздөгү жаштардын деми менен Жогорку Советтин (Легендарлуу парламенттин) көпчүлүк депутаттары А.А. Акаевге добуш берүү менен эгемендүүлүктү, демократиялуу өлкөнү колдоого алгандары кийинки муундарга үлгү жана тарыхта «Легендарлуу парламент» деп аталган десек туура болот [4].

Эгер демократиялуу ураан менен кыргыз жаштары чыкпаганда Жогорку Совет туура тандоо кылаары күмөн эле, бирок туура тандоо кылып кийинки кадамдары 1990-жылы 15-декабрда Кыргыз ССРнин Жогорку Советинде «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндөгү» Декларация кабыл алынып, Кыргызстан Советтер Союзунун курамындагы эгемен өлкө катары жарыяланган. Кийинки кадам 1991-жылы 31-августта «Мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндө» Декларация кабыл алынып, Кыргыз Республикасы көз карандысыз, эгемендүү демократиялык мамлекет болуп жарыяланган [5].

Кыргызстандын демократиялык багытта өнүгө башташы менен Кыргызстандын демократиялык кыймылынын негизги максаттары мамлекеттик саясатка

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



айланды. Кыймылдын буга чейинки тактикасы демократиялык саясий режим эле, кийин орногондон кийин мурдагы натыйжалуулугун жоготту. Кыргызстан демократиялык кыймылынын мүчөлөрү мамлекеттик бийлик органдарынын жогорку кызматтарына көтөрүлүштү, экинчи бир бөлүгү ишкердик, фермер, бизнес жана башка тармактарга өтүштү. Мына ушундай социалдык саясий кырдаалда Кыргызстандын демократиялык мүнөздөгү кыймылынын ичинде бөлүнүүлөр башталып, кийинчирээ өз алдынча саясий партиялар түзүлүп кээ бир кыймылдар эгемендүү-демократиялуу өлкөнү куруу максатында бириккен кыймылдар мыйзам чегинде партияларды негиздей баштаъшты. Ал эми КДКнын мураскери катары 1993-жылы 29-майда Кыргызстан демократиялык кыймылы партиясын түзүшкөн. Бөлүнүп чыккан партиялар «Эркин Кыргызстан»,«Асаба», «Ата-Мекен», «Кыргыз социалдык-демократиялык партиясы», «Экономикалык биримдик партиясы», «Манас эл» жана опанент болуп Коммунисттик идеологияны кайтарууга аракетин көрүп, мураскер катары мүнөздөлүп «Кыргызстан коммунисттик партиясы» да четте калган эмес [6].

**Адабияттар:**


1. Дюверже М. Политические партии. - М., 2007.
2. Чоротегин Т.К., Молдокасымов К.С. Кыргыздардын жана Кыргызстандын кыскача тарыхы: (Байыркы замандан тартып бүгүнкү күнгө чейин): Тарыхты окуп үйрөнүүчүлөр үчүн. - Бишкек, 2000. / (Краткая история кыргызов и Кыргызстана. На кыргызском языке. Соавтор кандидат исторических наук Кыяс Молдокасымов). (ISBN 9967-00-001-5). – 160 с.
3. Осмонакун Ибраимов. Кыргызская рулетка-1990 или, как был избран первый президент. Азаттык.
4. Кыргыз тарыхы. Энциклопедия. - Бишкек: «Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору», 2003. - Башкы ред. Ү.А. Асанов, жооптуу ред. А.А. Асанков.
5. Келдибеков А.Д. Основные этапы развития партийной системы Кыргызстана. / Наука и новые технологии, № 9, 2010. С. 87- 89.
6. Курманов З. Национальный партогенез: проблемы выбора, идентификации и развития // www.open.kg/ ru/ analytics
7. Кадырова Ч.А. О задачах партийной системы кыргызстана в настоящее время. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2014. №. 3. С. 249-251.
8. Исираилова А.Т. О внешнеполитической идеологии современной социал-демократии. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2014. - №. 6. - С. 191-194.